УДК: 894.341-09(043.3)
DOI 10.33514/1694-7851-2022-4-20-22

**Айталиева Т.К.**
филол. илим. канд, доц.
Талас мамлекеттик университети
aitalieva.75@mail.ru
**Айталиева Т.К.**
канд. филол. наук, доц.
Таласский государственный университет
aitalieva.75@mail.ru
**Aitalieva T.K.**
Candidate of Philology Science, Associate Professor,
Talas State University
aitalieva.75@mail.ru

# КӨРКӨМ ЧЫГАРМАНЫН ПОЭТИКАСЫН ИЗИЛДӨӨ

# ИССЛЕДОВАНИЕ ПОЭТИКИ ХУДОЖЕСТВЕННОГО ПРОИЗВЕДЕНИЯ

# A STUDY OF THE POETICS OF A WORK OF ART

**Аннотация:** Көркөм чыгарманын поэтикасы ар кандай тарыхый баскычтарда ар түрдүүчө мааниге ээ болгон. Көркөм чыгарманын поэтикасы боюнча жазылган эмгектердин эң алгачкыларынын бири Аристотелдин эмгеги болгон. Макалада поэтика боюнча А.Н. Веселовскийдин, Е.М. Мелетинскийдин, С.Ю. Неклюдовдун, Е.С. Новиктин изилдөөлөрү талдоого алынды.
**Негизги сөздөр:** поэтика, тарыхый поэтика, элдик поэзия, адабияттын теориясы, эпос, адабий тек, эпитет.

**Аннотация:** Поэтика художественного произведения в разных исторических периодах имела разное значение. Первое исследование по поэтике принадлежит Аристотелю. В статье рассматриваются исследования по поэтике А.Н. Веселовского, Е.М. Мелетинского, С.Ю. Неклюдова, Е.С. Новика.
**Ключевые слова:** поэтика, историческая поэтика, народная поэзия, теория литературы, эпос, литературный род,эпитет.

**Annotation:** The poetics of a work of art in different historical periods had different meanings. The first study on poetics belongs to Aristotle. The article discusses the research on the poetics of A.N. Veselovsky, E.M. Meletinsky, S.Y. Neklyudov, E.S. Novik.
**Keywords:** poetics, historical poetics, folk poetry, literary theory, epic, literary genus, epithet

Аристотелдин “Поэтикасында” поэтика бул көркөм адабият жөнүндөгү илим катары колдонулат. Адабияттаануунун ыр түзүлүшүн жана көркөм сүйлөөнү изилдөөчү бөлүгү катары колдонулган учурлар да болгон. Поэтика термининин кең жана тар мааниси бар. Кең маанисинде көркөм адабият, адабияттын теориясы, жанры, композициясы, сюжети ж. б. жана тар маанисинде алганда поэзия чыгармасы жана анын түзүлүшү, ырдын стилистикасын билдирет [1, 168-б.].

Поэтика боюнча сөз болгондо,тарыхый поэтиканын негиздөөчүсү А.Н. Веселовскийдин эмгегине сөзсүз түрдө токтолобуз. Окумуштуу тарабынан “Тарыхый поэтика” XIX кылымдын аягында жазылган. Эмгек бүгүнкү күндө да өзүнүн актуалдуулугун жоготкон жок. Н. Афанасьевдин редакторлугу менен 1940-жылы жарык көргөн “Тарыхый поэтика” аттуу эмгекке филолог окумуштуу В.М. Жирмунский “А.Н. Веселовскийдин “Тарыхый поэтикасы” аттуу баш сөз жазган жана анда эмгектин жазылуу тарыхына кеңири токтолгон.

“Тарыхый поэтика” 2 бөлүмдөн турат. I бөлүм “Адабияттын теориясынын илим катары методдору жана милдеттери”, “Тарыхый поэтикага киришүүдөн”, “Эпитеттин тарыхынан”, “Эпикалык кайталоо хронологиялык усул катары”, “Психологиялык параллелизм жана анын поэтикалык стилди чагылдыруудагы формалары”, “Тарыхый поэтиканын үч бөлүмү” атттуу изилдөөлөрүнөн турат. II бөлүм “Adnotationes” дептеринен”, “Чет өлкөдөгү командировкалардын отчету”, “Лирика жана драманын тарыхы боюнча лекциялардан”, “Сюжеттердин поэтикасы” аттуу бөлүктөрдөн турат [2, 648-б.] Окумуштуу аталган эмгегинде тарыхый поэтиканы адабий тектердин, көркөм чыгарманын мазмун жана формасынын, көркөм сөз каражаттарынын материалдарынын негизинде талдоо жүргүзүп изилдеген. Окумуштуу өзүнүн бул багытта 1893-жылы жазган программалык макаласында анын предметин “поэтикалык аң-сезимдин жана анын формаларынын эволюциясы” деп аныктаган. Веселовский тарыхый жана салыштырма поэтиканын түзүлүш маселесине карата,өткөн мезгилдеги нормативдик жана догматикалык поэтиканын карама-каршы турарын белгилейт. Анын негизги мазмунун, элдик поэзиянын алгачкы мезгилдеги синкреттүүлүгүнөн поэтикалык жанрларга бөлүнүшүнүн ырааттуулук мыйзам ченемин изилдөөнү алдыга коёт. Окумуштуу В.М. Жирмунский А.Н. Веселовскийдин “Тарыхый поэтика” аттуу эмгегине жазган баш сөзүндө төмөнкүлөргө токтолот. Веселовскийдин тарыхый поэтиканын түзүлүшү боюнча эмгегин 1890-жылдарда жазылган деп белгилешкен. Бул багытта жазылган эмгектери 1913-жылдары жарык көргөн тандалган эмгектеринин I томунда “Поэтика” деген жалпы аталышта жарыкка чыккан. Чындыгында тарыхый поэтика темасына кайрылуу алгачкы жолу Веселовскийде университетти аяктаган жылдары, анын биринчи жолу чет мамлекетке жасаган командировкасы учурунда,тактап айтканда, 1862-1863-жылдарга туура келет.

1870-1880-жылдарда Веселовский орус жана Батыш Европалык орто кылымдагы жана элдик поэзиясынын өзгөчөлүгү маселесине кайрылып, иш жүргүзгөн. Анын тарыхый поэтикага кайрылуусу бул багытта чогултулган көптөгөн материалдардын синтетикалык жалпылоого жасаган аракети болгон. 1880-жылдардын башында Веселовский тарыхый поэтика боюнча “Адабияттын тарыхына теориялык киришүү”, “Поэтикалык тектердин теориясы алардын тарыхый өнүгүшүндө” аттуу эмгегинде университеттик курстардын сериясында даярдык иштерин жүргүзгөн.Курс үч бөлүмдөн турган: “Эпостун тарыхынын очерки” (1881-1882), “Лириканын жана драманын тарыхы” (1882-1883), “Романдын, новелланын, элдик китеп жана жомоктун тарыхынын очерктери” (1883-1884). Эпостун тарыхы экинчи жолу кеңейтилген курс катары (1884-1885, 1885-1886) жылдары эки жылдык курс катары окутулган. Бул лекциялар литографиялык жазуулар катары сакталып калган. Ал курстун угуучусу студент М.И. Кудряшев тарабынан түзүлгөн. М.И. Кудряшев кийин “Нибелунгаларды” которуп, Петербург китепканасынын директору болгон. Эпостун тарыхы боюнча Жогорку аялдар курсунун угуучулары тарабынан түзүлгөн литографиялык жазуулар бар (1882-1883 жана 1884-1885). Веселовский кийинки жылдары катары менен тарыхый поэтика боюнча университетте төмөнкүдөй аталыштагы: “Поэтикалык тектердин тарыхына киришүү” (1888-1889), “Адабияттын тарыхы жана анын теориясы” (1890-1891), “Поэзиянын теориясы боюнча окуу”(1892-1893), “Поэтикалык формалардын өнүгүшүнүн тарыхы” (1893-1894), “Поэтикага киришүү” (1893-1895), “Тарыхый поэтика” (1896-1897) курстарын окуган. Жогоруда аталган курстар сакталып калган эмес. 1897-1903-жылдары Веселовскийдин поэтикалык окууларынын негизги темасы жанрлардын тарыхынын ордуна “Поэтикалык сюжеттердин тарыхы” (“Сюжеттердин поэтикасы”) болуп саналат. Адабий жанрдын категориясы-тарыхый категория. Адабий жанрлар искусствонун белгилүү бир өнүгүү баскычында пайда болот жана дайыма алмашып, өзгөрүп турат. Кеп бир жанрдын милдетин башка жанр алмаштырганында жана адабиятта бир дагы жанр түбөлүктүү эмес, убакыттын өтүшү менен айрым бир жанрлардын бөлүштүрүлүү принциптери өзгөрөт. Адабий белгилерине негизделип, азыркы жанрга бөлүштүрүү салыштырмалуу кеч болгон. Орус адабиятында жанрларга бөлүштүрүүнүн принциптери 17 кылымда күчүнө кирген. Бул мезгилге чейин адабий жанрлар кайсы бир деңгээлде, адабий функция адабияттан тышкары функцияларды аткарган. Жанрлар алардын колдонулушуна жараша аныкталат: кудайга

кызмат кылуу (анын ар түрдүү бөлүктөрүнө), юридикалык жана дипломатиялык практикага (летопистер, князьдардын кылмыштуулугу боюнча повесттер, князьдардын турмушуна байланышкан (салтанаттуу сөздөр, даңктоолор) ж.б. Ушуга эле окшош көрүнүштөрдү фольклордон да байкайбыз. Жанрлардан фольклордон тышкары белгилери абдан чоң мааниге ээ, өзгөчө байыркы мезгилдегиси (каада-салт фольклорунда, тарыхый, жомоктук ж.б.у.с.) [3, 37-б.].

Тарыхый поэтика тууралуу окумуштуу В.Е. Хамзаев “Теория литературы” аттуу эмгегинде “На протяжении последних лет изучении литературного процесса в глобальном масштабе все явственнее вырисовывает, как разработка исторической поэтики. Предмет этой научной дисциплины, существующий в составе сравнительно-исторического литературоведения, – эволюция словесно-художественных форм, обладающих содержательностью, а также творческих принципов писателей: их эстетических установок и художественного миросозерцания”, – деген негиздүү оюн билдирген [4, 403-б.].

1980-жылдардын 2-жарымынан тартып РИАнын дүйнөлүк адабият институтунда тарыхый поэтикага арналган проект өз ишин баштаган.Анын максаты поэтиканын типтерин адабий доорлордун жана багыттардын өзгөрүшү менен изилдөө болгон.Негизги карала турган нерселер стилдин, жанрдын, автордун категориялары болгон. Долбоордун авторлорунун концепциясына ылайык көркөм аң-сезимдин үч негизги тиби белгиленген. Байыркы (же мифопоэтикалык), традиционалисттик (же нормативдүү), жекече чыгармачыл (же тарыхый). Булардын ичинен биринчиси байыркы адабият жана салттуу фольклор катары саналат. (Башка терминология боюнча “классикалык”, тактап айтканда, адабият менен катар өнүгөт. Коллективдүү эмгектин биринчи бөлүмү тандалган ракурста байыркы оозеки салттын поэтикасын кароо болгон. Бул бөлүм Е.М. Мелетинский, С.Ю. Неклюдов жана Е.С. Новик тарабынан жазылып 1994-жылы жарыкка чыгуучу китептердин арасында жарык көргөн.

Болжол менен 5000 жыл мурда адамзаттын маданиятынын тарыхында өзгөчө бир окуя болгон,ал жазуунун пайда болушу болуп саналат. Анын пайда болушу, өнүгүшү жана таралуу процесси алгачкы көп баскычтуу бирдей ченемде болгон эмес. Ал миң жылдарга созулган айрым элдер жазмага 20 кылымда эле жетишкен, айрымдарынын азыркы учурга чейин жазуусу жок. Жазуунун пайда болушу маалыматтык революцияга алып келген. Мурда оозеки формада өмүр сүргөн көркөм тексттерди сактоодо, өткөрүп берүүдө азыркы учурда үн жазуучу техника пайда болгону менен, бул багытта жаңы эч нерсе ойлонуп табылбагандыгына окумуштуулар изилдөөлөрүндө токтолушкан.

Архаикалык фольклордун поэтикасы боюнча авторлордун изилдөөлөрү ошону менен токтоп калган эмес. Бул эмгектин жарык көрүшү менен, ушул эле маселенин айланасында бир нече макалалар жарык көргөн. Мындан тышкары изилдөөлөр 1990-2000-жылдары РМГУнун тарых-филология факультетинде окулган лекциялык курстардын негизинде жаткан. “Мифтин теориясы жана баяндоо жанрынын тарыхый поэтикасы” (Е.М. Мелетинский), “Жалпы фольклористика” (Неклюдов С.Ю.), “Салыштырма мифология” (Е.С. Новик). Көп жылдар мурда авторлор бул багытта жүргүзүлгөн монографиялык изилдөөлөрдү бириктирип басмадан китеп кылып чыгарууну туура көрүштү. Изилдөөлөрдү бириктирүүнү Е.С. Новик колго алып иш жүзүнө ашырган [5, 7].

Көркөм чыгарманын поэтикасы боюнча баалуу эмгектер арбын. Бул багытта адабий процессте изилдөө иштери жолго коюлган.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Кыргыз адабияты.Энциклопедиялык окуу куралы. – Б., 2004.
2. Веселовский, А.Н. Историческая поэтика / Под ред. Н. Афанасьева. – Л., 1940.
3. Веселовский А.Н. Историческая поэтика / Под ред. В.В. Мочалова. – М., 1989.
4. Хамзаев В.Е. Теория литературы. – М.: Изд. центр «Академия», 2009.
5. Мелетинский, Е.М. Неклюдов, С.Ю., Новик, Е.С. Историческая поэтика фольклора: от архаики к классике. – М., 2010.

**Рецензент: филол. илим. канд. Жумалиев С.С.**